КАРАЛДЫ

Педагогикалык

Кеңештин №1 протоколу

05.09.2022г.

БЕКИТЕМИН

К. Маликов атындагы ЖББ

орто мектебинин директору

Чортонова Н.Т.

**К. Маликов атындагы ЖОББ мектебинин окуучуларынын бирдиктүү мектеп формасы жөнүндө ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2015-жылдын 12-августунда "Окуучулардын мектеп формасын бекитүү жөнүндө" № 3528/1 буйругу менен бекитилген окуучулардын бирдиктүү мектептик формасына коюлган талаптар аткарылат.Токтомго ылайык окуучулар мектеп бекитип берген форманы кийет.Башкысы, "асты кара, үстү ачык(ак)түс"-деген классикалык үлгү сакталыш керек. Анын ичинде мектеп формасынын бир нече түсү көрсөтүлгөн.Ак көйнөк же кофта, кара шым,юбка даты классикалык стилге кирет.Болгону окуучу мектепке спорттук же башка стилде кийинип келбеши керек.Ар бир ата-эне мүмкүнчүлүгүнө жараша классикалык стилдеги каалаган кийимин алып берет.Министирликтин талабына ылайык мектеп формасы аба-ырайына,окуу сабактары өткөн жерге,класстын температурасына жараша болот.

Социалдык жактан аз камсыз болгон аярлуу ата-энелерди мектеп тарабынан белгиленген форманы алууга мажбурлоо мыйзамсыз. Окуучулардын сырткы көрүнүшүно негизги талаптар :

1 .Тазалык,тыкандык.

2. Кийимдин негизги стандарты:классикалык стиль

3. Сырткы корүнүш коомдо кабыл алынган стилдин нормаларына туура келиш керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек.

4. Кыздардын узун чачтары өрүлгөн,ал эми орто узундуктагы чачтар чач байлагыч менен жыйналган болуу керек.

5. Балдар жана өспүрүмдөр өз убагында чачтарын тегиздентип туруусу зарыл.

**Спорттук форма:**

Баардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийим кийүү керек. Дене тарбия сабагында мектептик формада,джинсы жана спорттукэмес бут кийим менен катышууга болбойт.

**Тыюу салынат:**

1. Ар кандай өндөгү джинсы

2. Көзгө оон учураган оңдор

3. Өтө денеге чапталганюпка,шым жана лосина

4. Дене көргөзгөн кыска юбка

5. Мини-юбка

6. Ашыкча көрүнүштөгү чач тегиздетүүлөр

7.Чачты ачык,табыгий эмес өндөргө боёо

8. Ачык макияж

9. Кийимдин бөлүгү катары оор чынжырларды, шакек, сөйкө,шарф, брошкалар

10. Коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын символикаларынын аксессуарларына

11 .Кирпик, көз,эринди боёо жана ачык маникюр